УДК 342.82(575.2)
DOI: 10.36979/1694-500X-2025-25-7-74-82

# СВОБОДНЫЕ, КОНКУРЕНТНЫЕ И СПРАВЕДЛИВЫЕ ВЫБОРЫ КАК ОСНОВА АВТОРИТЕТНОГО ГОСУДАРСТВА

*У.О. Аманалиев, А.Р. Рахманов*

*Аннотация.* Рассматривается концепция справедливых, конкурентных и свободных выборов как основополагающий элемент современного авторитетного государства. Анализируются компоненты избирательной системы и теоретико-практические аспекты избирательного процесса в Кыргызской Республике, включая их конкурентоспособность, прозрачность и доступность, а также влияние данных факторов на уровень доверия граждан страны к институтам государственной власти. В ходе исследования были выделены четыре основных этапа реформирования избирательного процесса и избирательного законодательства в стране и дана подробная характеристика каждому из выделенных этапов. В результате проведенного исследования были разработаны конкретные практические предложения, направленные на проведение свободных, конкурентных и справедливых выборов. Предлагается дополнить Уголовный кодекс Кыргызской Республики новой статьей 196-1 и предусмотреть уголовную ответственность избирателей за продажу своих голосов.

*Ключевые слова:* конституция; закон; авторитетное государство; справедливый выбор; цифровизация; преференция; реформа; конкуренция.

# ЭРКИН, АТААНДАШТЫК, ТАЗА ШАЙЛОО – АВТОРИТЕТТҮҮ МАМЛЕКЕТТИН НЕГИЗИ

*У.О. Аманалиев, А.Р. Рахманов*

*Аннотация.* Заманбап авторитеттүү мамлекеттин негиз салуучу элементи катары адилеттүү, атаандаштык жана эркин шайлоолордун концепциясы каралат. Кыргыз Республикасындагы шайлоо системасынын компоненттери жана шайлоо процессинин атаандаштыкка жөндөмдүүлүк, ачык-айкындуулук, жеткиликтүүлүк сыяктуу теориялык-практикалык аспектилери, ошондой эле бул факторлордун өлкө жарандарынын мамлекеттик бийлик институттарына болгон ишениминин деңгээлине тийгизген таасири анализделет. Жүргүзүлгөн изилдөөдө өлкөдөгү шайлоо мыйзамдарына жана шайлоо процесстерине реформа жасоонун төрт негизги этабы белгиленди жана ар бир этап боюнча ачыктоо жүргүзүлдү. Изилдөөнүн натыйжасында Кыргызстанда таза, эркин жана атаандаштык негиздеги шайлоолорду өткөрүүгө багытталган конкреттүү практикалык сунуштар иштелип чыкты. Маселен, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин 196-1 жаңы berene менен толуктап, өз добушун саткан шайлоочулардын кылмыш жоопкерчилигин кароо сунушталды.

*Түйүндүү сөздөр:* конституция; мыйзам; авторитеттүү мамлекет; таза шайлоо; санарип; преференция; реформа; атаандаштык.

# FREE, COMPETITIVE AND FAIR ELECTIONS AS THE BASIS OF AN AUTHORITATIVE STATE

*U.O. Amanaliev, A.R. Rakhmanov*

*Abstract.* The concept of fair, competitive and free elections is considered as a fundamental element of a modern authoritative state. The components of the electoral system and theoretical and practical aspects of the electoral

process in the Kyrgyz Republic are analyzed, including their competitiveness, transparency and accessibility, as well as the influence of these factors on the level of trust of the country's citizens in the institutions of government. The study identified four main stages of reforming the electoral process and electoral legislation in the country and provided a detailed description of each of the identified stages. As a result of the research, specific practical proposals were developed aimed at holding free, competitive and fair elections. Thus, it is proposed to supplement the Criminal Code of the Kyrgyz Republic with a new article 196-1 and provide for criminal liability of voters for selling their votes.

*Keywords:* constitution; law; authoritative state; fair choice; digitalization; preference; reform; competition.

Көтөрүлүп жаткан тема бүгүнкү күндө актуалдуу десек жаңылышпайбыз! Себеби “шайлоо” дегендин өзү мамлекетти жок кылууга дагы, же аны мамлекет катары таанууга дагы негизги күч экендигине Кыргызстандын эгемендик жылдарындагы басып өткөн тарыхый мезгил күбө. Кыргызстандагы болуп өткөн үч жолку бийлик алмашуу дал ушул шайлоонун жыйынтыгы менен келип чыкты. Эгерде шайлоолор эркин, атаандаштыкта жана таза өткөрүлө турган болсо мамлекетте туруктуулук, экономикалык өнүгүү орун алып, ал эл аралык аренадагы күчтүү мамлекеттердин катарына кирүүсү мүмкүн эле. Бүгүнкү күндө бул мамлекет **авторитеттүү мамлекет** катары белгиленмек.

Өзүнүн аймагында гана эле эмес, эл аралык аренада дагы таасирге жана олуттуу күчкө ээ болгон мамлекетти **авторитеттүү** деп атоого болот. Мындай мамлекетте мыйзам менен каралган тартипте эл тарабынан берилген ыйгарым укуктардын чегинде мамлекеттик бийлик органдары демократиялык принциптерди иш жүзүнө ашырышат.

Демек, **авторитеттүү мамлекет** – бул укуктун негизинде мамлекетти экономикалык, социалдык жактан өнүктүрүү үчүн түзүлгөн укуктук, саясий жана философиялык теориялардын багыттары. Авторитеттүү мамлекетте алгачкылардан болуп укуктук мамлекеттин принциптери, укуктук аң-сезимдин жана укуктук маданияттын мааниси жогору турмакчы. Мындай мамлекеттеги бийликтин булагы болуп эсептелген **“эл”** аң-сезимдин тереңдиги, маданиятынын жогору экендиги менен артыкчылыкта болмокчу. Анткени эл мамлекеттик бийлик органдарынын жогорку адамдарын шайлап, аларга өз укуктарын таңуулоодо. Ошол эле учурда элдин ишеничин актап укуктун негизинде мамлекеттик башкаруу түзүмүнүн түрлөрүн тандоо менен жогорку бийликтегилер, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер коомдо өз саясатын алып барууда. Ошол саясат укуктук маданияттын алкагында эл менен, коомчулук менен баарлашуунун негизинде ишке ашса анда жогорку бийлик органдарына болгон элдин ишеними өсүп, жогорку баага жана абройго татыйт. Бийлик органдарынын укуктук маданияттуулугу шайлоо процесстериндеги көрүнүштөрдө, алар боюнча кабыл алган чечимдеринде байкалмакчы.

Шайлоо укуктарды жана бул жааттагы жалпы саясатты өнүктүрүүдө баш мыйзамдын туруктуулугун камсыздоого, шайлоо боюнча эл аралык стандарттарды улуттук мыйзамдарга киргизүүгө, заманбап шайлоо технологияларын колдонуу менен адилеттүү жана атаандаштык шайлоо процессин уюштурууга карата мамлекеттик органдардын жасаган иш-аракеттеринде баамдалат десек жаңылышпайбыз. Дал ушунун өзү авторитеттүү мамлекетти түзүү механизмдеринин бири. Мындай мамлекетте туруктуулук, экономикалык жана социалдык өнүгүү, коомчулук арасындагы жана эл аралык деңгээлде баалуулугу, урмат-сыйы менен абройлуу мамлекет катары белгиленет.

Бүгүнкү күндө эркин шайлоолордун жалпы кабыл алынган принциптерин камтыган жана шайлоо процессиндеги атаандаштыкты камсыздаган укуктук-ченемдик актылар катары өлкөнүн Конституциясын жана шайлоо системасын жөнгө салган тармактык мыйзамдарын атасак болот.

Мындан улам, алгач “Шайлоо” деген эмне? “Эркин, атаандаштык жана таза шайлоолор” кандай болушу керек? – сыяктуу суроолорду ачыктап алышыбыз зарыл деп эсептейбиз.

“Шайлоо азыркы саясий коомдо мамлекеттик бийликти уюштуруунун жана иштешинин эң маанилүү институту” [1, 321-б.].

“Шайлоо – бул шайлоочулардын добуштары аркылуу мамлекеттик органдарды түзүү жолжобосу” [2, 12-б.].

Эркин, ачык, демократиялык жана атаандаштык шарттардагы шайлоолор – бул укуктук жана коомдук-саясий институттардын узак мөөнөткө созулган эволюциялык өнүгүүсүнүн жыйындысы. Ал эми эгемендүү мамлекетибиздеги отуз жылдан ашык убакыттын ичинде болуп өткөн шайлоолорго, реформаларга талдоо жүргүзүүнү төмөндөгүдөй төрт этапка бөлүүгө мүмкүн болду:

***1-этап. Демократиялык институттарды түзүү мезгили (1991–2000).*** 1991-жылы Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жарыяланган. Аталган убакыт аралыгында өлкөдөгү демократиялык институттарды, анын катарында шайлоо системасын дагы түзүү иштери башталган. Ал эми эгемендүү Кыргызстандын 1993-жылдагы алгачкы Конституциясында болсо шайлоо системасынын негизги принциптери, анын ичинде шайлоого болгон укуктар, эркиндик жана адилеттүүлүк принциптери бекемделген.

1991-жылы Советтик империя кулагандан кийин Кыргызстан цивилизациялуу дүйнөдөн өзүнүн татыктуу ордун ээлөө үчүн өз алдынча, көз карандысыз, экономикалык жактан өнүккөн абройлуу мамлекет болуп калуу үчүн тарыхый кайталангыс мүмкүнчүлүккө ээ болгон.

Кыргыз Республикасынын биринчи Конституциясы 1993-жылдын 5-майында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 12-сессиясында кабыл алынган. Жаңы конституциянын варианты дээрлик 2 жыл аралыгында Конституциялык кеңешме тарабынан даярдалып, бир нече жолу элдик талкуудан жана Жогорку Кеңештин талкуулоосунан өткөрүлгөн. Жаңы кабыл алынган конституциянын негизинде өлкөдө демократияны, демократиялык институттарды түзүү мезгили орун алган. Депутаттарды шайлоо, өлкө башчыны шайлоо сыяктуу демократиялык принциптер киргизилген.

Ошону менен, өлкөнүн алгачкы баш мыйзамынын негизинде 1995-жылдын февраль айында Жогорку Кеңештин I чакырылышынын депутаттарынын шайлоосу өткөрүлгөн. Кыргыз парламентинин биринчи чакырылышы (1995–2000-ж.ж. аралыгы) мажоритардык системадан шайланып келген 105 депутаттан туруп, 2 палатага бөлүнгөн: Эл өкүлдөр жыйыны (70 депутат) жана Мыйзам чыгаруу жыйыны (35 депутат).

***2-этап. Шайлоо системасындагы инновациялык технологияларды колдонуунун алгачкы этабы (2000–2010).*** **“**Шайлоочулардын тизмелери пассивдүү каттоо системасынын негизинде түзүлгөндүктөн, шайлоочулар кирген тизмелердин сапаты жана тактыгы олуттуу тынчсызданууларды жараттып келген. Ошондуктан бул мезгилдер аралыгында өлкөдөгү жергиликтүү администрациялардын системдик администраторлору, “ГАС Шайлоо” системасына бир нече коомдук каттоо тизмелерден, анын ичинде жашаган жери боюнча каттоо тизмесинен алынган шайлоочулар жөнүндө маалыматты киргизген. Бул тизмелер жарандардын тийиштүү мекемелерде активдүү каттоодон өтүүсүнө негизделген” [3, 12-б.].

Көргөзүлгөн этапта инновациялык технологиялардан тышкары, 2007-жылдын 23-октябрындагы № 158 Мыйзамына ылайык, **Кыргыз Республикасынын шайлоо жөнүндө Кодекси** ишке киргизилген. Шайлоо кодексинин 69-беренесинде “Жогорку Кеңештин депутаты бирдиктүү шайлоо округу боюнча пропорционалдык система менен 5 жылга шайланат” деп бекитилген.

Кыргызстандын шайлоо системасы 2-этапта (2000–2010-ж.ж. аралыгында) бир топ олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Алардын катарында төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот:

- аталган этапта өлкөнүн тарыхында биринчи жолу саясий партиялар жана шайлоо блоктору үчүн парламентке өз талапкерлерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгү түзүлгөн;
- 2000–2005-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин II чакырылышы өз ишин жүзөгө ашырган. Ал 105 депутаттан турган. Эми Мыйзам чыгаруу жыйыны 60 депутаттан туруп, алардын 15-партиялык тизме боюнча шайланган. Эл өкүлдөр жыйыны 45 депутаттан турган. Мында атаандаштык принциби өзгөчө маанини ээлеген;

- 2005-жылы бир палаталуу парламент түзүлө тургандыгы 2003-жылдагы конституциялык реформа менен белгиленип, сунуш кылынган Конституциянын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин III чакырылышы партиялык тизмелер боюнча шайлоону карап, бир мандаттуу округдарда мажоритардык система боюнча шайланган, сандык курамы 90 депутаттан турган. Жаңы Конституцияга ылайык, Жогорку Кеңешке шайланган саясий партиялар Өкмөттү түзүүгө укук алган;
- 2007-жылдын 16-декабрында болгон шайлоонун жыйынтыгында өлкөнүн тарыхында биринчи жолу партиялык тизме боюнча **пропорционалдык ыкма** менен шайланган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин IV чакырылышы өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарууга киришкен. Бул чакырылышта 3 саясий партия өкүлчүлүк кылып, жалпысынан 120 депутат иш алып барган, партиялардын ортосунда атаандаштык күч алган.

***3-этап. Шайлоо системасындагы орчундуу реформаны жүргүзүү этабы (2010–2020).*** Берилген этапта шайлоо системасында шайлоо процессин өркүндөтүүгө жана демократиялык институттарды чыңдоого багытталган бир катар жаңылыктар жана өзгөрүүлөр белгиленген.

Мына ушул мезгилдеги негизги өзгөрүүлөр:

- пропорционалдык шайлоо системасы;
- талапкерлердин тизмеси саясий партиялык тизме менен бекитүү;
- шайлоолордун ачык-айкындуулугун жана тазалыгын камсыздоо үчүн аларга байкоо салуунун жол-жоболорун жакшыртуунун жаңы механизмдерин киргизүү. Мисалга, шайлоо кодексине киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык, парламенттин депутаттарын шайлоодо **маркировкалоону** колдонуу каралган.
- 2010-жылдын 4-октябрында Кыргызстанда кезектеги шайлоолор өттү. Шайлоого чейинки шайлоо алдындагы үгүт кампания жүрүп жаткан мезгил динамикалуу болгондугу менен мүнөздөлөт жана катталган атаандаштык 16 партиянын ортосунда жүргүзүлөт. Шайлоо партиялык тизмелер боюнча пропорционалдык ыкма менен өтүп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин V чакырылышы шайланат;
- 2015-жылдын 4-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VI чакырылышынын шайлоосу өткөрүлгөн. Ал **биометриялык каттодон** өткөн жарандар гана шайлоочулардын тизмесине киргизилгендиги жана **автоматтык эсептөө урналар** аркылуу инновациялык жаңыланган техникалык ыкма менен өткөрүлгөндүгүн белгилемекчибиз. Бул этапта 2016-жылы жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо жана Референдум, 2017-жылы Президенттик шайлоо, 2020-жылы парламентти шайлоо процесстери дагы инновациялык жаңыланган технологиялык ыкма менен өткөрүлгөн.

***4-этап. Азыркы мезгилдеги шайлоо системасынын иштөө ыкмасы жана аны өнүктүрүү этабы (2020-жылдан азыркы мезгилге чейин).***

2020-жылдын 4-октябрында парламенттик шайлоодон кийин Кыргызстанда саясий өзгөрүүлөр орун алып, шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу үчүн аны реформалоо зарылдыгы тууралуу талкуулар байма-бай айтылып турду. Реформанын максаты – шайлоо процессин жакшыртуу, шайлоо системасынын ачык-айкындуулугун жана адилеттүүлүгүн жогорулатуу. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын өнүктүрүү контекстинде изилдөөнү жана талдоону талап кылган актуалдуу темалар жетиштүү. Мисал катары төмөндөгү маалыматтар далил катары негизделет: 2020-жылы 4-октябрдагы парламенттик шайлоонун жыйынтыгы жокко чыгарылды. Мына бул мезгил кийинки этап катары шайлоону өнүктүрүүгө карата жасала турган кадам болду. Мындай иштердин жыйынтыгында өлкөдө бийликтин жана эгемендиктин ээси болгон **“эл”** жаңы башкаруу формасын тандоого мүмкүчүлүк алды. Тагыраагы 2021-жылдын 10-январында мамлекеттин башкаруу формасын тандоо референдумга коюлуп, элдин ээлегине салынды. Анда шайлоочуларга президенттик башкарууну, парламенттик башкарууну каалайсыңарбы же экөөнө тең каршысызбы

деген суроо берилген. Жыйынтыгында Президенттик система үчүн **84%дан** ашык шайлоочу добуш берип, өз каалоолорун билдиришкен [4].

Эл тандаган башкаруу формасына ылайык, өлкөнүн аракеттеги баш мыйзамы 2021-жылдын 11-апрелиндеги жалпы элдик добуш берүүдө (референдум) кабыл алынып, ошол эле жылдын 5-майындагы мыйзам менен күчүнө кирген. Жаңы Конституция шайлоо системасына байланыштуу болгон бир топ жаңы ченемдерди камтыган. Маселен, парламентти шайлоонун аралаш системасы каралган. Тактап айтканда, мажоритардык шайлоо системасы менен катар, пропорционалдуу система дагы колдонулууга тийиш болгон. Себеби демократиялык институттардын катарында саясий партиялар өзгөчө орунду ээлейт. Азыркы мезгилде саясий партиялардын калыптануусуна, өнүгүүсүнө пропорционалдык системаны жакшыртуу жолу аркылуу жетише алабыз. Конституциядагы өзгөртүүлөр мамлекеттин мындан аркы беделин, баркын көтөрүүгө, абройлуу мамлекет катары таанууга багыт бермекчи.

Сандык курамы 90 депутатка кыскартылган Жогорку Кеңештин VII чакырылышын шайлоо 2021-жылдын 28-ноябрында өткөрүлдү. Бул жолку шайлоодо парламенттин 90 депутатынын 54ү саясий партиялар көрсөткөн тизмелер боюнча пропорционалдык негизде, 36ы бир мандаттуу округдар боюнча мажоритардык негизде шайланышкан. Белгиленген шайлоонун артыкчылыктары катары төмөнкүлөрдү белгилейт элек:

- пропорционалдык системада **преференционалдык добуш берүү институтунун** колдонулгандыгы. Бул институттун башкы өзгөчөлүгү – бир тизмедеги талапкерлердин ортосундагы **атаандаштыктын** жаралуусу. Эгерде буга чейинки парламенттик шайлоолордо саясий атаандаштык негизинен партиялардын ортосунда гана болуп келген болсо, эми ал партия көрсөткөн талапкерлердин тизмесинин ичинде дагы күч алган. Жыйынтыгында шайлоочунун купулуна толгон талапкердин көп добуш алуусу байкалып, партиялык тизмедеги **"биринчи орун"** деген түшүнүк баалуулугун жоготту. Жаңы өзгөчөлүк шайлоо системасындагы бардык көйгөйлөрдү чечет деп айтууга болбойт, бирок ошол эле учурда жаңы ыкма менен партиянын ичиндеги коррупциялык схемаларды жокко чыгаруу жана парламентке акчалуулардын, уюшкан кылмыштуулуктун мүчөлөрүнүн келишине бөгөт коюлушун белгилемекчибиз. Демек шайлоо системасында саясий партиялар көрсөткөн талапкерлердин тизмесине табигый люстрация жүргүзүү механизми киргизилди.
- **административдик ресурс**, мамлекеттик мекемелердин жетекчилери тарабынан кол алдындагы кызматкерлерине тигил же бул талапкерди шайлоосуна буйрук берүү жана мекеме алдындагы шайлоо участкаларына талап кою маселелерине тыюу салуу жана мындай иштерди жасатпоону көзөмөлгө алуу.

2021-жылдын 11-апрелинде болгон референдумда орто билим берүү окуу жайлардын, бала-бакчалардын, динге байланыштуу өкүлчүлүктүү мекемелердин ошондой эле башка коомчулук топтолгон жайларга, ал жакка жакын жайгашкан жайларда мыйзам ченеминде үгүт материалдарын таркатууга тыюу салынды. Ошондой эле көчө башчыларын, үй комитеттердин төрагаларын (домком) үгүт ишине аралаштырууга жол берилбеди. Чектөө киргизилген эрежелер административдик ресурсту пайдаланууга жол бербөө максатын көздөп, конституциялык мыйзамга өзгөртүү киргизилди. Мыйзамга киргизилген олуттуу өзгөрүүлөрдүн негизинде 2021-жылдын 28-ноябрындагы болуп өткөн парламенттик шайлоо атаандаштык менен өттү, бийлик бул ирет таза шайлоону камсыз кылууда саясий эркин көрсөттү, окуу жайлар, мугалимдер, мамлекеттик кызматкерлер шайлоонун жүрүшүндөгү үгүт иштерине катышкан жок.

Дагы бир белгилей кетүүчү маселе бул шайлоо жөнүндөгү конституциялык Мыйзамдын 21-беренесине киргизилген өзгөртүүлөр. Бул берененин 2-пункту боюнча "талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотот, эгерде ал Жогорку Кеңештин депутатын же Президентти кошпогондо, мамлекеттик саясий кызматчы; жергиликтүү кеңештин

депутатын кошпогондо, муниципалдык саясий кызматчы; мамлекеттик, муниципалдык ишкананын, мекеменин, мамлекеттин (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыздан ашык ишкананын жана алардын бөлүмдөрүнүн жетекчиси болуп саналса" [5]. Ушул эле берененин 2-1-пунктуна ылайык, "талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотуп турат, эгерде ал мамлекеттик кызматтын түрүнө (жарандык, аскердик, укук коргоочулук, дипломаттык) карабастан мамлекеттик кызматчы; муниципалдык кызматчы; жалпыга маалымдоо каражатынын кызматкери болуп саналса" [5].

2021-жылдын 28-ноябрындагы Жогорку Кеңештин депутаттарынын шайлоосунда административдик ресурсту колдонууга жол бербөө максатында Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н. Жапаров мамлекеттик кызматкерлерди шайлоо процессинен алыс болууга катуу талап койгондугу, анын негизинде бир да мектеп мугалими, муниципалдык кызматкерлер шайлоо иши менен алек болушкан жок, шайлоого кийлигишүү максаттарын көздөгөндөргө дароо чара көрүлүп, жумуштан четтетилип жатты. Мисал келтире турган болсок, шайлоо учурунда Баткен облусунун Лейлек районунун мамлекеттик администрация башчысы – аким кызматтан убактылуу четтетилген, Исфана шаарынын мэрине сөгүш жарыяланган [6].

Бул да болсо бийликтин эркинин күчтүүлүгүн көрсөтүү менен мамлекттин калыптануусуна өбөлгө түзүүдө.

**Шайлоо учурунда мыйзам бузууга (добуштарды сатып алуу, шайлоо кампаниясын каржылоонун орнотулган эрежелерин бузуу ж.б.) барган саясий партиялардын жана талапкерлердин добуштарын, мандат алып калган учурда – мандаттарын жокко чыгаруу боюнча иштер**. Мындай иштердин мисалы катары Токмок, Ош жана Бишкек шаарларындагы 2021-жылдын 11-апрель күнү орун алган жергиликтүү кеңештердин шайлоолорунда одоно түрдөгү мыйзам бузуу фактылары аныкталгандыгына байланыштуу алардын жыйынтыктары жокко чыгып, 3 шаарда тең кайра шайлоолордун дайындалгандыгын келтирүүгө болот. Токмок шаарын алып карай турган болсок, ал жакта шайлоого жакын калганда жарандарды массалык түрдө шаарга каттоого коюу фактылары орун алган. Жергиликтүү басылмалар билдиргендей, "Шайлоо алдында шаардагы 7 участкада 624 "ашыкча" шайлоочу катталган. БШКга түшкөн арыздарга ылайык, алар депутаттыкка талапкерлерге, алардын тууган-уругуна жана партиянын үгүтчүлөрүнө таандык батирлерде каттоого турушкан. Айрым батирлерге ондогон жаңы тургундар катталган. Алардын үчтөн экиси шайлоого келип, өздөрү шаарда жашабаса да Токмоктун депутаттары үчүн добуш беришкен. Натыйжада Токмокто шайлоочулардын добуштарынын 34%ы жокко чыгарылган. Мыйзамга ылайык, эгерде калктуу аймакта добуштардын 30%дан көбү жараксыз деп табылса, анда шайлоонун жыйынтыгы шаар боюнча жокко чыгарылат" [7]. Ушундай эле көрүнүш Бишкек жана Ош шаарларында дагы белгиленип, алардагы шайлоолор жокко чыгарылган.

Жогорудагы этаптарды белгилөө менен бүгүнкү күндөгү шайлоо системасындагы эркин, атаандаштык жана таза шайлоо принциптери авторитеттүү мамлекет үчүн кандай болуусу керек? Аларга төмөндөгүлөрдү белгилемекчибиз:

1. Шайлоо процессиндеги шайлоочулардын добушун сатып алуу учуру көйгөйлүү экендиги талашсыз. Бул шайлоодогу коррупциянын кыйла көп кездешкен латенттүү түрү. Эң аянычтуусу, өкүнүчтүүсү бул шайлоонун жыйынтыгын бурмалоодо шайлоочунун жеке катышуусу. Себеби шайлоочу өлкөнүн кызыкчылыгынан өзүнүн жеке кызыкчылыгын жогору коюп, шайлоодон аз да болсо пайда көрүп калуу аракети коомчулукта жайылды. Мындан улам, добуш сатуу жана сатып алуу фактыларын алдын алуу үчүн бул кылмыштарды жеке айыптоо категориясынан жеке-коомдук иштерге өткөрүүгө жол бербөөнүн мыйзамдык механизмдерин иштеп чыгуу жана бекитүү зарыл. Өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексинде "Шайлоочулардын добуштарын сатып алуу" беренесинде шайлоочуга пара берген адам гана жооп берет деп каралып, ал эми

**добушун саткан шайлоочуну жоопкерчиликке тартуу каралган эмес.**

Шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн өлкөнүн Кылмыш-жаза кодексин “Шайлоочулар добуштарын сатуусу” деген 196-1-берене менен толуктоо керек. Ал төмөндөгүдөй тартипте берилмекчи:

**196-1 – беренеси Шайлоочулар добуштарын сатуусу**

*“Шайлоо өткөрүү мезгилинде акчалай каражаттарды, материалдык баалуулуктарды алуу же болбосо кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алуу жолу менен шайлоочу добушун сатуусу 100дөн 500 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга жазаланат”*

2. Мурунку колдонулуп келген “Форма-2” – жарандардын шайлоо дарегин өзгөртүү тууралуу арызынына альтернатива катары – ***онлайн шайлоо процессин*** толук ишке киргизүү.

“Форма-2” документин киргизгенде, негизгиси ички мигранттар менен сыртта жүргөн эмгек мигранттарынын добуш берүүсүнө ыңгайлаштырууга багытталган эле. Форма-2 арызынын колдонуудан алынып салынуусунун себеби 2020-жылдагы парламенттик шайлоодо өлкөнүн 471 000 жараны өзүнүн катталган дарегин убактылуу алмаштыруу жолу менен шайлоого катышкандыгы болгон. Ошол учурда бул механизм шайлоонун таза эмес өтүүсүнө өбөлгө түзгөн.

Онлайн түрдөгү шайлоолорду апробациялоо боюнча алгачкы аракеттер Кыргызстанда 2023-жылы көрүлгөн. Маселен, Баткен районундагы 3 айыл аймактын (Ак-Татыр, Самаркандек, Ак-Сай) жергиликтүү кеңештерин шайлоодо пилоттук негизде электрондук добуш берүү өткөрүлгөн.

“2024-жылдын 28-апрелинде жергиликтүү кеңештин шайлоосунда “Түндүк” тиркемеси аркылуу электрондук паспортту колдонуп добуш берүү болуп өттү. Электрондук форматтагы паспорт, документ катары системага жүктөлүп, колдонууга киргизилгендигине байланыштуу Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоо процессинде апробацияланды, башкача айтканда шайлоочулар участкалык шайлоо комиссиясында электрондук паспортту колдонуп идентификациядан өтүштү. Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын 1995-жылдан 2015-жылга чейин жана 2015-жылдан бүгүнкү күнгө чейинки реформаны салыштырып талдасак, анда акыркы 14 жылдын ичинде шайлоо процессинде жаңы технология, санариптешүү тездик менен киргизилүүсүн аныктоого болот” [8, 18-б.].

3. Каралып жаткан тармактагы олуттуу көйгөйлөрдүн дагы бири **– бир мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоолордун кайрадан өткөрүлүшү.** Алсак, 2024-жылдын 28-апрелине дайындалган № 2 Баткен жана № 9 Кара-Суу бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү, 2024-жылдын 30-июнуна дайындалган № 5 Ноокат жана № 36 Ысык-Көл бир мандаттуу шайлоо округу боюнча депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону даярдоо жана өткөрүү. Бишкек шаарынын Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча үч жолу шайлоо өткөрүлдү. Алгач бул округдан шайланып келген депутат өзүнүн жүрүм-турумунун негизинде, наразылыктардын арты менен мандатын тапшырган. 2023-жылы кайра өткөн шайлоодо жеңген талапкерлерге добуш сатып алуу боюнча айып тагылып, соттун чечиминин негизинде шайлоонун жыйынтыгы жокко чыккан. “Акыркы шайлоо 2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган. № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдардын сметасы 13 208 800 сом суммасында бекилген” [9].

Белгилей кетүүчү маселе кайрадан өткөрүлүп жаткан шайлоо процессиндеги убакыттын, акча каражаттарынын жана адам ресурстарынын ашыкча колдонуусу өкүндүрбөй койбойт. Мындай кырдаалдарды жоюу максатында парламенттик шайлоолордун өткөрүлүшүн жөнгө салган конституциялык Мыйзамдын 65-беренесин 7-пункт менен толуктоо сунушун бермекчибиз:

*“Мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер мандат алат. Мандат мөөнөтүнөн мурда бошогон учурда, ал шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген кийинки талапкерге берилет.*

*Кезектеги талапкерге мандат берүүдө тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25%дан кем эмес добушун алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат.”*.

**4.** Элдин, коомдун суроо-талаптарына төп келген мыйзамдарды чыгаруу милдетин алууга даярдыгын билдирген депутаттыкка талапкерлерге карата мыйзамдык талаптарды күчөтүүнүн маанилүүлүгү да талашсыз. Парламент мамлекеттик бийликтин башка бутактары жана органдары менен тең ата иш алып барган, жогорку сапаттагы мыйзамдарды чыгарган барктуу жана беделдүү бийлик органы болуш үчүн андагы депутаттык курамдын сапаты жогору болушу шарт. Өлкөнүн мыйзам чыгаруу органы сапаты жагынан канчалык бийик болсо, мамлекеттин аброю, баркы ошончолук жогорулайт. Бул учурда жогоруда аталган шайлоо жөнүндөгү конституциялык Мыйзамдын 59-беренесинин 2-пунктуна төмөнкү мазмундагы өзгөртүү киргизүү сунушталат:

*“Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар Кыргыз Республикасынын жараны Жогорку Кеңештин депутаты болуп шайлана алат”*.

Сунушталып жаткан өзгөртүү өлкөнүн мыйзам чыгаруучу жогорку органынын ишин сапаттуу жаңы баскычка алып чыгууга өбөлгө болуп берет деген ойдобуз.

Макаланы жыйынтыктап жатып авторитетүү, кадыр-барктуу жана ишенимдүү мамлекетти түзүүнүн негизги куралдарынын бири эркин жана таза, ошол эле маалда атаандаштыктын шарттарындагы шайлоолор экендигин баса белгилемекчибиз.

Качан шайлоолор эркин, атаандаштык жана адилеттүүлүк принциптерин сактаган шартта өтсө, ал жарандардын бийликке болгон ишенимин бекемдейт, бийликтин легитимдүүлүгүн камсыздайт жана өлкөдөгү демократиянын деңгээлин жогорулатат.

Эркин шайлоо шайлоочуларга саясий процесстерге реалдуу таасир этүүгө жана мамлекеттик саясатты калыптандырууга катышууга мүмкүндүк берет. Мындан тышкары, ар кандай саясий күчтөрдүн ортосундагы атаандаштык коомдун өнүгүшүнө дем берип, бийликтин аракеттерин көзөмөлдөөнү камсыздайт. Таза шайлоо мамлекеттин туруктуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон системаны ишенимдүү түзүүгө өбөлгө болмокчу.

Поступила: 20.02.2025;
рецензирована: 06.03.2025; принята: 10.03.2025.

***Адабият***

1. *Аманалиев У.О.* Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу: Окуу китеп. Бишкек: ДЭМИ, 2023. 430 б.
2. Шайлоо мыйзамдарын бузууда каралган юридикалык жоопкерчилик жана аракеттерди квалификациялоо маселелери боюнча усулдук сунуштамалар: усулдук колдонмо. Бишкек: ОБСЕ, 2017. 21 б.
3. Кыргыз Республикасы. Парламенттик Шайлоо. 10-октябрь 2010-жыл. ЕККУ/ДИАУБ Шайлоого Байкоо Миссиясынын Жыйынтыктоочу Отчету. Варшава, 2010. 42 б.
4. Референдум в Кыргызстане в 2021 году. Көрүү режими: https://ru.wikipedia.org/wiki/ (кайрылуу датасы: 16.01.2025).
5. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын конституциялык. Мыйзамы. 2021-жылдын 26-августу № 103. Көрүү режими: https://cbd.minjust.gov.kg/112284/edition/1082153/kg (кайрылуу датасы: 16.01.2025).
6. Шайлоо 2021: Үгүт ишине катышкан кызматкерлер жазаланды. Көрүү режими: https://www.youtube.com/watch?v = JsfhuF8JVZo (кайрылуу датасы: 17.01.2025).

7. Апрелдеги шайлоонунун жыйынтыгын жокко чыгарууга БШКны эмне түрткү кылды? Көрүү режими: https://ky.kloop.asia/2021/09/16/ (кайрылуу датасы: 17.01.2025);
8. *Соодонбеков А.А.* Конституционно-правовые основы избирательного процесса в Кыргызской Республике: автореф. дис. ... канд. юрид. наук / А.А. Соодонбеков. М., 2024. 30 б.
9. 2023-жылдын 10-сентябрына дайындалган № 26 Ленин бир мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатын кайра шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө чыгымдардын сметасын бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын Токтому. 2023-жылдын 2-июлу № 66. Көрүү режими: https://shailoo.gov.kg/kg/npacik/Postanovleniya_CIK_KR-BShKnyn_toktomdoru/12072023-66 (кайрылуу датасы: 17.01.2025).